Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намаз окуганда колдорун кенен жайып сажда кылгандыктан, анын колтуктарынын актыгы көрүнүп калчу

Абдуллах бин Малик бин Бухайна (ага Аллах ыраазы болсун) мындай дейт: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намаз окуганда колдорун кенен жайып сажда кылгандыктан, анын колтуктарынын актыгы көрүнүп калчу.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) саждага жыгылган учурда эки колун эки тарабына канат сыяктуу жайып сажда кылгандыктан, анын колтугунун териси көрүнчү. Саждада эки чыканакты эки жагына кенен жайып, денеден көбүрөөк алыстатуу керек.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3220